# 33-Азхаб сүрөсүнүн 56-аятынын алкагында Аз.Мухаммедке салават жана салам келтирүүнүн мааниси

Ош Мамлекеттик
Университети
ТЕОЛОГИЯ
ФАКУЛЬТЕТИНИН ИЛИМИЙ
ЖУРНАЛЫ
13-саны, 2008
127-142- бб.

Ахмет Недим Серинсу[114]

I. Киришүү

II. «Салават» сөзү

III. «Салам» сөзү

IV. 33-Азхаб 56-аяты жөнүндө

V. Салават жана саламды баалуулук катарында күнүмдүк жашоодо Колдонуу

## I. Киришүү

Сүйүктүү Пайгамбарыбызга салават жана салам келтирүүнүн маанисине түшүнүү үчүн бул иш менен жоопкерчиликтүү болгон «инсандын» Курандагы баяндалган орду тууралу баштоону туура көрүп отурабыз.

Инсан аттуу жандын баары түрдүү абалдарда жашайт. Мындай абалдар инсанды жашоонун чындыктары , реалдуулуктары менен беттештирет. Инсан, жашоосун улантуу үчүн бул абалдарга маани берип, аларда бир баалуулук, маңыз берүү мажбуриятында.[115]

Инсан, өзүнүн жашоодогу абалдарына бир маани маңыз бере албай, бир баалуулукту көрө албаса анда анын бардык кыймыл-аракети токтойт, жашай албайт турган абалга түшөт. Инсаандарды ушундай абалга душар болгон сыяктуу, улуттар да душар болот. Инсандын мындай абалдан чыгуусу өзүндөгү, ички дүйнөсүндөгү күчкө байланыштуу.[116]

---

[114] Проф. Док. Анкара Университети Теология Факултети, Мугалим-Окутуучу.
[115] Takiyettin Mengüşoğlu, İnsan Felsefesi, Remzi kitab evi, İstanbul 1988, s.150,157
[116] A.g.e s 150-151 Дагы карап көрүңүз. Viktor Frankl, insanın anlam arayışi, Edesos Yay., Ankara 1991, s.97

Бул күч ишеним болуп эсептелет. Эгерде инсан ишенген жандык болбогондо анда анын абалы кандай болор эле? Ишенбеген өзүнүн кыймыл-аракетин бир ишенимге негиздебеген адам кантип өз кылгандарына баа берип баалай алат? Кантип өзүнүн жүрүм-турумуна баа берип, өзүн тарбиялай алат эле? Ошондон улам ишеним-ыйман инсандын негизги таяныч булагы болуп эсептелет.[117]

Ошондуктан Куранда баяндалган инсан, биопсихикалык табиятындагы үч бөлүнгүс принциптердин бүтүнү болуп саналат:

- Ишеним жана баалуулуктарды кадырлап жашоонун маңызына маани берген жандык.

- Кыймыл-аракетте , ибадат кылган[118] жандык.

- Адеп ахлактык баалуулуктарды өз турмушунда колдонгон жандык.

- Курандын инсаны болу үчүн бул үч принциптерди башка жашоо шарттарын да белгилөөчү максатта колдонуу менен жашоо мүмкүн. Бул үчүн «Билимге» муктаждык бар. Анткени «инсан дайыма билим менен анын жаратылыш себептеринен бири, билим болуп эсептелет.»[119]

Азыркы жашап жаткан доорубузга илим-билим жаатынан карайт турган болсок мани чоң. Бир ойчулдун айтканындай : Азыркы кылым, инсаният тарыхынын так ортосунан өткөн сыяктуу. Туулгандан бери болуп келгендердин баары туулганга чейинки болгондор менен барабар.[120] Тездик менен өнүгүп-өсүп жаткан илим-билим , «Өмүр бою окуу-үйрөнүүнү» бир муктаждык катарында кабылдатып жатат.

Бул жерде Курандын биринчи түшкөн аятына «Оку! Жараткан Раббиңдин аты менен»[121] көңүл буру керек. Бүтүндөй инсанды түшүндүргөн бул аят, инсанга өмүр бою окууну үйрөнүүнү мажбур кылууда. Бул аятты Курандын бүтүндөй бир перспективасынан алып караганда окуп үйрөнүдөн максат «толук кандуу инсан» болууга үндөгөнүн көрөбүз. Б.а. Куран бүгүнкү күндөгү билүү, билүү үчүн гана көз карашын жактабайт. Анткени билүү, билүү үчүн гана болсо , анда инсандын максаты жашоо гана болуп саналат. Себеби Куран инсанды маанилүү жандык катарында эмес, баалуу жандык катарында карайт. Б.а. Куран инсанынын билими жашоого шайкеш , жашоого оң таасир тийгизген, өмүр бою үйрөнүүжараянында алган билим болуп эсептелет. Теориялык жана жашоодон алыс болгон билим үчүн эмес.[122]

---

[117] Takiyettin Mengüşoğlu, a.g.e., s. 196.

[119] Necati Öner, "İnsanda Öz ve varoluş" , *Felsefe yolunda Düşünceler, MEB Yay.*, İstanbul 1995, s.35

[120] Sabri Büyükdüvenci, "Nitelikli Eğitim Sorunu", *Din Öğretimi Dergisi, Sayı* 33

[121] Алак сүрөсү 1-аят.

[122] Жашоодон алыс болгон билим үчүн философтор «ignoramus» сөзүн колдонушат Ал сөз «билимдүү сабатсыз» маанисинду колдонушат. Ошону менен бирдикте «билим менен өзүнүн гана бөлмөсүн , тармагын гана билген, кызыгуусунан сырткары нерселерди билбөөнү бакыт

«Оо эгем ! Илимимди арттыр!» дегин.[123]

«...Аллахка сүймөнчөлүк менен жалбаргыла . Анткени Аллах силерге билимди үйрөтөт.»[124]

Бул жана ушул сыяктуу мазмундагы көптөгөн аяттарда ушул мааниде кабылдануусу керек.

Пайгамбарыбызга салам жана салават келтирүүнү камтыган 33-Азхаб сүрөсүнүн 56-аятын жогоруда айтылган перспективада алып кароообуздун себеби салават жана салам келтирүүнүн маанисин түшүнүү, башка бир көз караштыы , жоромолду берет деген ой.

Эми сөз кылып жаткан аятты изилдейли . Аллах :

Чындыгында, Аллах пайгамбарга ырайым кылат. Ошондой эле ага периштелер да салават айтып турушат. «Эй момундар! Ага салават жана салам айткыла.»[125]

Алгач аяттагы ачкыч болгон терминдер жөнүндө сөз кылалы. Алгач терминдерди ачыктоо менен аяттын жоромолдонуусунда жана кеңири түшүнүүдө жардамчы болот деген тилектебиз. Ошону менен бирдикте салам жана салаваттын жашоого таандык жаты жөнүндө да сөз кылабыз. Анткени негизинде түшүнүү болгон билим, маалымат практикага тез, оңой эле айланат.

## II. «Салават» сөзү

Бул сөздүн сөздүк мааниси дуа[126]жана таазим[127] кылуу(урмат кылуу) болуп эсептелет. Куранда: 9-Тообо сүрөсү 103-аятта:»Ва салли алейхим-Аларга салават айт» сөзү,Уду лехум – аларга да дуа кыл» маанисинде айтылат.

2- Бакара сүрөсү 125-аятта: «Ваттахизу мин маками Ибрахима мусалла, «Ибрахимдин ордун намаз окучу жай кылып алгыла!» сөзү Ибрахимге да дуа кылгыла деген мааниде айтылат.[128]

«Салават» сөзү Курандын түшүшү менен таанымал болгон жана аныкталган намаз ибадаты үчүн колдонулган. Ошондуктан «салават сөзү, «дуа» жана «таазим кылуу» маанисиндеги сөздөр менен белгилүү кыймыл аракеттер менен болгон намаз ибадатын сүрөттөгөн маанини алган.

Бул абалда «салават» сөзү, мааниси жагынан эки түрдүү жолго бөлүнөт.

1.Салават сөзү, дин тилинде «шари чындык» маанисин камтыйт.[129]

---

билген билимдүүлөрдү санашат.(Nabi Avcı , Enformatik Cehalet, Rehber Yay Ankara 1990, s.60 Ahmet Cevizçi, *Felsefe sözlüğü*, Pardiğma Yay .,İstanbul 2000, «ignoramus et ignorabimus» maddesi

[123] Тоха , 114-аят

[124] Бакара 282.

[125] Азхаб 56-аят

[126] «Салават сөзүнүн негизги мааниси дуа болуп эсептелет» дипнот уланат

[127] El-Haşim (403/1012)

[128] El Fayyumı, аты аталган чыгарма, аталган жер

2.Салават сөзү, «сөздүк фразеологияга» айланган.[130]Б.а. бул сөз, «дуа» манисинде алгачкы мааниден башка да маанини камтый баштаган.

Ел Феййуми бул абалды «мааниси жактан өзгөргөн сөздөрдү» тил жаатындагы өкүм кылуучу темаларды насихка окшотот деп кошумчалайт.[131]

Тил илиминде, филология илиминде мындай абалга «башка мааниге өтүү» деп аталат. Мааниси жактан колдонулган бир сөз жаңы бир терминди түшүндүрөт. Мындан соң сөз жаңы бир мааниге ээ болот.[132]

Ошондон улам салават сөзү «шерри чындык» катарында «намазда» көрсөтүп турат. Б.а бул сөз «дуа» маанисини түшүндүргөн менен, дин тилинде бул маанинин ордуна башка бир мааниге ээ болуп , «намаз» деген мааниге ээ болгон . Натыйжада «салават» сөзү , өзүнө таандык мааниден сырткары маагине ээ болгон.

Куранда салават сөзүн дин тили менен колдонгондо эки түрдүү мааниде колдонгон. Азхаб сүрөсүнүн 56-аятын түшүнүү үчүн Курандын «салават» сөзү менен намазды эмес, дуа жана башка маанидеги аяттарын түшүнүшүбүз керек.

Мындай аяттардын бир канчасы төмөнкүлөр:

Сөздөрдүн чыныгы маанисинен сырткары да мааниде колдонулушу сөздөрдүн экинчи түрдөгү маанисин билдирет. Буга фразеологизм д.а. Сөздөрдүн чындык мааниси канча түргө бөлүнсө фразеологизм да ошончо маанини камтыйт. Алардан бири Лугави чындыктын маанисине төп келген лугави фразеологизм болуп эсептелет. М: гүл деген сөз баарына эле белгилүү гүлгө ишарат кылса, лугави сөздүк чындыгы : «жаакка» ишарат кылат . Бул лугави фразелогизм болуп эсептелет ошондой эле салават сөзү шерри чындык катарында намазга ишараат кылат . Ушул эле сөздүн дин тилинде дуа маанисинде колдонулушу шери фразеологизмди камтыйт.

"Сиздерди караңгылыктан жарыктыка чыгаруу үчүн Аллах жана анын периштелери сиздерге салаат жөнөтүшүүдө..."[133]

"Мына Раббтарындан салават жана ырайымдуулук дайыма аларга..."[134]

"... Жана ошондой эле аларга да салаат кылагөр; анткени сенин салат кылышың алардын жүрөгүнө бейпилдик берет."[135]

---

[129] Сөздөрдүн эки түрдүү мааниси бар. 1.айтылганда акылга келген мааниси. Булл сөздүн чыныгы мааниси болуп эсептелет. Сөздү колдонгондордун максатына жараша төрт түрдүү чындыкта айтса болот. Алардын бири сөзөрдүн дин тилине ишарат кылган «шерри чындык». (M.Kaya Bilgegil, Edebiyat уландысы түркчө уланат.

[130] El Fayyumı а.а.ч. аты аталган бет.

[131] А.а.ч. аты аталган бет

[132] Түркчөсү өзүндөй жазылат.

[133] 56/Ахзаб 43.

[134] 2/Бакара 157.

[135] 9/Тooба 103.

"Карасаң асманда жана жердеги адамдар жана канат кагып кайгуулаган, тизилген куштар дайыма Аллахты тасбих кылышат. Чындыгында ар бири өзүнүн салаат жана жана тасбихин билишкен...."[136]

Бул аяттарда айтылган "салаат" сөзүнүн мааниси сөздөрдүн жардамы менен каралганда бул сөздүн ушул маанилерге келээрин көргөзөт[137]:

-дуа,

-таазим (мактоо жана көкөлөтүү),

-ырайымдулук,

-берекет,

-жалынуу,

-сүйүү

Аталган аяттардын башка бир өзгөчөлүгү болсо жогорудагы маанилер тиешелүү болгон жаратыктар болуп эсептелет.

Ушул негизде аяттарга көз чаптырсак:

-Улуу Аллахтын,

-Периштелердин,

-Пайгамбарыбыздын,

-Инсандардын,

-Жана башка жаратыктардын салаат кыймыл аракетин жасагандыгы айтылууда.

Бул маанилерди чечмелеген аалымдар "салаат" сөзүнүн маанисин жогорудагы контекстте төмөндөгүчө ачыкташкан:

-Улуу Аллахтын салааты: -Ырайымдуулук, мактоо, көкөлөтүү, кечирүү, көмөк жана жардам берүү,

-Анын инсан үчүн жакшылык кылуучу, куткаруучу жана кечирүүчү өзгөчөлүгү,

-Периштелердин салааты: Улуу Теңирдин кулдары үчүн:

-Боор ачуу/кечиримдүүлүк тилөөсү,

-Ырайымдуулук каалоосу,

-Мактоо жана көкөлөтүү ырыскысын күтүүсү,

-Пайгамбарыбыздын салааты: Өзү жана ишенгендер үчүн:

-Ырайымдуулук жана боорукердик тилөөсү,

-Кечиримдүүлүк каалоосу,

-Жардам жана жакшылык каалоосу.

-Адамдардын/Момундардын салааты: *Улуу Аллахтын кулдары катары:

-Ага дуа аркылуу калоо тилектерин жеткизүүсү,

-Ага сүйүү жана мактоолорун атоолору,

*Аз. Мухаммеддин жанашуучулары катары

-Ага сүйүү менен жанашуу/ үлгү алуу

-Ага болгон сүйүү жана сыйларын мактоолор менен билдирүү,

[136] 24/Нур 41.

[137] Ал-Мадайини, аталган эмгек; Ибнул Асир, Аталган эмгек; Ибн Мансур, аталган эмгек; Ал-Файюми, аталган эмгек.

-Аны көкөлөтүп сүйүү менен ага дуа кылуу.

### III. "Салам" сөзү

Бул сөзгө түркчө сөздөр менен төмөндөгүдөй аныктама берилет:

-"Тынчтык. (Бул маани менен "силм" сөзү да көп колдонулат.)

-Айыптуу жана кооптуу иштерден коруу, соңу жана акыры жакшы чыгуу. (Бул маани менен "саламат" дагы ылайыктуураак.)

-Таануучулук, билүүчүлүк жана дуа, "сизге саламатчылык болсун!" мааниси менен "ас-салааму алайкум" деп дуа кылуу менен тааныгандыкты көргөзүү.[138]

Бул сөз ошол эле мезгилде Улуу Аллахтын сулуу ысымдарынан болуп эсептелет. Элмалылы М. Хамди Йазыр бул сулуу ысымды мындайча ачыктайт:

"(Ас-Салам) Салам: Ар бир саламаттулуктун мамба жана мастары; өзү айыптан, кемчиликтен, фанаа жана завaалдан, хасылы ар бир мухатарадан[139] алыс болгондой саламатттулук күтүлгөн, саламаттуулук издегендерди саламатка жеткизе турган.[140]

Салам сөзү Кураны Керимде 27 жерде "салам берүү" маанисинде колдонулат.[141]

Бул яттардын маанисин төрт группада кароого мүмкүнчүлүк бар:

1. Улуу Аллахтын жакшы кулдарына бейиштеги саламы:

"Бир салам, Ырайымдуу Рабтан калам (сөз)!"[142]

"Болгону бир сөз (калам): Салам, салам!"[143]

"Салам сиздерге, сабыр кылганыңыздар үчүн..."[144]

2. Бейишти сүрөттөө жана бейиштеги саламдашуу түрү:

Ыйык китебибизде "салам", бул дүйнөдөгү кутулуу жана тынчтык, саламаттык менен табыла турган түбөлүктүү кутулууну жана саламаттуулукту да камтыган мааниде да колдонулат. Ушул себептен Куран бейишти "Дарус Салам/Саламат үйү, тынчтык коногу .саламат жери" деп атаган:

---

[138] Шамсаддин Саами, Темел Түркчө сөздүк -Камус-ы Туркий, даядаган Мертол Тулум -Башчы-, Тержуман басмаканасы, Стамбул, тарыхы жок, бет 1168; Осман Зеки Пакалын), Османлы Тарих Дейимлери жана Теримлери Сөздүгү, МЕБ басмаканасы, Стамбул 1971, III, 151.

[139] " Мамба: чыккан жер. Мастар: булак. Фанаа: туруксуздук, жок болуучулук. Завaал: бүтүү. Мухатара: кооптонуу, зыяндуулуктан жана жан коркуусу. (Ш. Сами, аталган эмгек)

[140] Хак дини Куран дили, Эсер басмаканасы., Сатмбул, тарыхы жок VII, 4872. Ал-Мадайинин жана Ибу Асирин ушуга окшогон ачыктоолору үчүн караңыз: ал-Мужамул Мугиз фи Гарибей ал Куран вал Хадис, II, 119; ан-Нихайа, II, 392. Бухаринин ал-Адамул Муфрадда (котормосу жана ачыктамасы: А. Фикри Явуз, Соөнмез Нешрият, Стамбул, 1975, II, 365.) баяндалган хадиси шарифта мындай делет: *"Салам, Улуу Аллахтын жер жүзүнө жайгаштырган Алланын ысымдарынан бири болуп эсетелет. Андай болсо араңыздарга саламды жайылтыңыздар."*

[141] 7/Араф 46; 10/Юнус 10; 11/Худ 69; 13/Рад 24; 14/Ибрахим 23; 15/Хижр 52; 16/Нахл 32; 19/Марям 15, 33,47; 20/Таха 47; 25/Фуркан 63, 75; 27/Немл 59; 28/Касас 55; 33/Ахзаб 44; 37/Саффат 79, 109, 120,130 181; 38/Зумер 73; 43/Зухруф 89; 51/Зарият 25; 56/Вакыа 91, 26.

[142] 36/Ясин 58.

[143] 56/Вакыа 26.

[144] 13/ Рад 24.

"Аллах Дарус Саламга чакырууда..."[145]

"Рабтарынын жанында Дарус Салам алардыкы..."[146]

Бейишке кирүү ийгилигин көргөзүп бактылуулукка жетишкен бул адамдардын бейишке да бул жерге да кирип жатып айтаар сөзү дагы деле салам блот:

"Ал жерде жөнсүз сөз жана күнөөгө алып баратурган эч нерсе уга алышпайт. Бир гана "салам, салам"дан турган сөздөрдү гана угушат"[147]

3. Периштелердин саламы:

Бул бөлүмдөгү аяттарда болсо Пайгамбарлардын саламдалышында жана алардын периштелер менен болгон диалогунда бирибири менен болгон таанышуучулук, билүүчүлүк жана дуа маанисинде "салам" сөзү колдонулат.[148]

4. Инсандардын саламдашуу адеби:

Бул аяттарда « силерге салам берилгенде, андан да мыкты жооп менен алик алгыла же анын өзүн кайталагыла»[149] прицибинин кандайча орундалуусу бар. Ушуга эле байланыштуу Аз.Пайгамбарга төмөндөгүчө айтылат:

«Аяттарыбызга ынангандар сага келишкенде мындай деп айт: « Саламун алейкум/Силерге салам».[150]

Арабтар Исламдан мурдагы караңгылык мезгилдеринде өз ара саламдашканда «Хаййакаллах»[151] айтышчу. Бул сөз бардык жакшылыктарды камтыбаган, бирок мааниси боюнча дуба тилекти билдирет. Анткени, өмүр, бул жарыкчылыктагы жашоо жана дүйнөдөгү жагымдуу нерселер ардайым эле тынчтыкты, бактылуулук жана аман эсендикти талап кылбайт. Бардык бул ниймат жакшылыктар түрдүү апаат кырсыктар менен коштолушу мүмкүн. Ошондуктан, Куран тынчтык жана амандыкты, дүйнө менен ахирет теңдигин даңазалаган «Саламун алейкум» деген сүйлөм менен сүйүүнү, урмат сый көрсөтүүнү өздүк принцип катары караган.[152] Бул нерсе кадыресе көрүнүш. Анткени ал төрөлгөндөгү маданий социалдык чөйрөдөгү салам берүү эрежеси «Саламун алейкум» сөзү болуп эсептелген.[153]

Жогорудагыдай жолдор менен Ислам өзүнө байланыштуу терминдерди айлана чөйрөсүнүн колдонуусуна ыңгайлуу түрдө шарттап

---

145 10/Юнус 25.

146 6/Анам 27.

147 56/Вакыа 25-26; Бул тема боюнча караңыз: Абу Жафар Ан Наххас (333/949), Маанил Куранил Карим, тахкик: М. Али ес-Сабуни, Уммул Кура Университети басмаканасы, Маккаи Мукаррама, 1989, V, 35.

148 Мисал үчүн караңыз: 37/Саффат 130,120; 11/Хууд 69; 15/Хижр 52; 51/Зарият 25.

149 4/Ниса 86

150 6/Аньам 54

151 «Аллах өмүр берсин» маанисин билдирет. (Караңыз.М.Хамди Языр, Хак Дини Куран Дили, II, 1407;О.З.Пакалын,а.а.чыгарма, III,152)

152 М.Хамди Языр, а.а.ч.,II,1407

153 Ал-Хаттаби, Хамд б.Мухаммед б.Ибрахим ал-Бусти (388/998), Гарибул-Хадис, Тах.Абдулкарим Ибрахим ал-Гарбави, Уммул-Кура университети, Маккаи Мукаррама 1982,I, 692-693. Караңыз.М.Хамди Языр, а.а.ч., II,1407-1408.

берген. Ушуга байланыштуу бардык жакшы иштерди баштоодо «Саламун алейкум»[154] калыбын колдонгон.

Элмалылы Хамди Языр бул темада мындай айтат:

«Салам сөзүү саламдашуу жана урмат белигиси. Бирок ар бир саламдашуу жана урматтоо салам болуп саналбайт».[155]

Ал-Алуси (1270/1853) болсо, Ахзаб сүрөсү, 56-аяттагы «Ва саллимуу таслиима/... чын дил менен ага салам бергиле!» сөзүнүн үч түрдөгү мааниси бар экендигин айтат:

1) ас-Салам сөзү уңгу катары салаамат деген маанини туюнтат. Бул боюнча карасак «Аз.Пайгамбардын тирүү кезинде анын ар кандай апаат кырсыктан, адашуу каталардан корголуусун тилек кылуу» маанисинде. Мындай талап Аллахтын уруксат ыраазылыгы менен орундалгандыктан, сүйлөмдүн өзү дуба катары каралат.

2) ас-Салам сөзү Аллах тааланын ысмы катары колдонулган. Буга карата сөздүн мааниси «аркандай апаат-кырсык, наадандык кемчиликтен сапат сыпаты менен оолак болгон «саламаттуулукка жетишкен» зат маанисинде. Ошондуктан Аз.Пайгамбардын орду жогору болуп корголушу үчүн ушундай дуба максат кылынган.

3) ас-Салам сөзү «Аз.Пайгамбарга бекем кармануунү!» билдирет. Анткени ас-Салам сөзү тынчтыкта болуу, карама каршылыкта болбоону да өз ичине камтыйт. Буга байланыштуу бул сөздүн мааниси, «Аллах, инсандарды Пайгамбарды ээрчип анын жолун бекем кармоого буюрат» деген дуба сөз.[156]

Алусинин дагы бир чечмелөөсү менен «Ва саллимуу таслииман» сөзү аркылуу сөздүн уңгусун колдонуп күчөйтүп билдирүү болгон. Араб тилинде бул сөздү ушунчалык гана күчөтүлгөн түрүн колдонсо болот.[157]

Мындан ушуну түшүнүүбүз абзел, салам сөзүнүн маани-маңызын терең билип, аны күндөлүк жашообузда колдонуубуз керек. Айтор, адат салт катары эле колдонуп, катардагы эле сөз болуп калган абалга түшкөнү маалым.[158]

Натыйжада, салам сөзү Аз.Пайгамбарга байланыштуу төмөнкүлөрдү билдирет:

- Чын ыкластан ага кошулуу, аны өрнөк алуу!
- Анын өрнөк-жетекчилигине сүйүү-урмат менен моюн сунуу!

---

[154] Салам сөзүнүн башындагы «Алиф Лам» улуулоо, урматтоо жана сөйүүнү билдирүү үчүн коюлган. Кенен маалымат үчүн караңыз: ал-Хаттаби, а.а.ч.I,694-б.

[155] А.а.ч., II, 1408. (Тахиййа: Салам берүү, дуба кылуу. Илтифат: Көңүлүн көтөрүү, кадырын билүү.)

[156] А.а.ч.,XXII, 79-80. Таберинин чечмелөөсү, ал-Алусинин чечмелөөсү менен үндөш мааниде: Эй ыйиандуулар! Аллахтын элчиси Мухаммедке дуба кылгыла!» (Camiul-Beyan fi Tevili Aayil-Kuran, Darul-Kutubil-İlmyye, Byerut 1992,X, 329.

[157] А.а.ч., XXII,80. Бул тема боюнча караңыз: Tefsiri Kebir, XVIII, 291-292.

[158] Бул темага байлангшыштуу Фаик Решат бейдин (1954) жазганына караңыз: O.Z. Pakalın, a.g.e., III, 151-152.

- Курандын жашообузду көрктөндүрүп маанилүү кылгандыгына, мазмундуулугу менен бизге жардам бергенине чын көңүлдөн ишенгиле.[159]

**IV. Ахзаб сүрөсүнүн 56-аяты жөнүндө**

Салаты салам сөздөрүнүн маани мазмунун таанып билгенден кийин Ахзаб сүрөсүнүн 56-аяты туурасында сөз кылсак.

Бул сүрө жана аят Хижрий 6-жылы[160] 103-сүрө болуп Талак жана Тахрим сүрөлөрү менен бирге түшкөн.[161]

Аяттын ысымдык сүйлөм менен башталышы, камтылган маансинин үзгүлтүксүз дайыма актуалдуу экендигине ишаарат кылат. Аяттын этиштик сүйлөм катары экинчи бөлүмү болсо, ысымдык сүйлөм менен бирдикте дайыма талкууланып жаңыланып актуалдуулугун билдирет. Аяттагы салату салам сөзү бардык мезгилдер үчүн колдонулуучу үзгүлтүксүз экендигин түюнтат. «Инна» деген баш мүчө менен күчөйтүлүп берилиши, «Кабар берүүнүн, билдирүүнүн мазмунуна карата маанилүүлүктү көрсөтөт.[162]

Аяттагы «мелектер (периштелер)» сөзү «алиф лам» менен белгилүү ысым болуп ал-малааика» деп айтылбаган. Бул сөз Улуу Аллахка байланыштырылып сөз айкалышы (Анын периштелери) болуп келген. Муну менен периштелердин ордунун жогорулугу кадырмандыгы түшүндүрүлөт. Ушундай жогору даражалары менен алардын дайыма жакшы иш аракеттер күтүлөрү баяндалган.

Башка тараптан караганыбызда ыйык Китебибиз Пайгамбарлардан сөз кылганда дайыма алардын аттары менен эскерет. Ал эми, бул жерде Пайгамбарыбызды Кураны карим аты менен эмес «наби» сыпаты менен айтат. Муну «алиф лам» деген сөздүн башындагы кошумча мүчө менен белгилүү ысым түрүндө билдирген. Мындай келишинин эки себеби бар:

1) Аз.Пайгамбардын жогору даражасын, кадыр-барктуулугун билдирүү;

2) Аяттын ичиндеги өкүмдүн себебин кабар кылуу.

Ахзаб сүрөсүнө, «сүрөнүн ички бүтүндүгү» контекстинде караганыбызда Аз.Пайгамбар туурасында сөз кылган аяттар менен 56-аят ортосунда бүтүндүк ирээтиндеги байланышты көрүүгө болот. Ошондуктан бул аятта Пайгамбарга дем күч берүү, анын улуу урматтуу ордун билдирүүгө байланыштуу болуп,[163] бир тараптан да Хандак

---

[159] Krş.İbrahim b. Ömer el-Bikai (885/1480), Nazmud-Durer fi tenasubul-Aayaati ves- Suver, Haydarabad 1980, XV,407-408.

[160] Mehdi Bazergan, Kuranın Nüzül Süreci, Çev.Yasin Demir Kıran, Fecr Yay., Ankara 1998, s.154. (Ayrıca bkz.s.35.)

[161] A.g.e.,s.41

[162] Mahmud el-Alusi, Ruhul-Meani,İdaretut-Tıbaatil-Muniriyye, Beyryt tarihsiz, XXII,75.

[163] «Курандын бүтүндүгү» темасы боюнча караңыз. Halis Albayrak, Kuranın Bütünlüğü Üzerine, Şule Yay., İstanbul 1999,4.baskı.

согушунан мурдагы абал, [164]Хандак согушу, Бани Курайза газвасы[165] жөнүндөгү окуяларга да байланышы бар.[166]

Элмалылы Хамди Языр, 56-аяттын 43-аят[167] менен болгон бүтүндүгүнө[168] жана «сүрөнүн башынан бери, Аз. Пайгамбарга карата «Я Аййухан-Набиййу/Эй Пайгамбар!» деген чакырыкты, ...

Анын пикиринде мунун мааниси «момундарга түшкөн файзи илахий / илахий багыш, ихсан, берекети» бир бүтүн абалда ортого коюусу.[169]

Аль-Баки (885/1480) болсо, бул сүрөнүн маанисин «маалыматтандыруу» катары түшүндүрөт. Анын түшүндүрмөсү боюнча мындан максат Аз. Пайгамбарды модел катары көрсөтүү.[170]

Башка жагынан бул аятта «аячттын өз ара бүтүндүгү» негизинде караганыбызда «салат» жана «салам» арасындагы бүтүндүктү көрсө болот. Жогоруда эки термин тууласында айтылган ачыктоолордун жыйынтыгы жана аль-Бакинин түшүндүрмөсү да буга ышарат кылууда.

Бул боюнча «салат» жана «салам» арасындагы бүтүндүк Аз. Пайгамбардын бийик мартабасын жана ага байланыштуу жагын ортого коюуда.

Бул аят түшкөндөн кийин кураны карим назил болгон чөйрөдө-инсан башка бир мааниде жеткиргенүтарбиялаган Аз. Пайгамбар менен жеткирилгенүтарбияланган сахабалар арасындагы байланышүтарбия берүү мөөнөтү башталган. Бул мөөнөттү төмөндөгүдөй абалда көрсөтө алабыз:

Аз. Пайгамбар → Сахабалар/башка инсандар
жеткирилген/тарбияланган ← Жеткирген/тарбиялаган

Бизге бул мөөнөттү билүү кураны каримди түшүнүүдө башка маанини туюнтат. Ушунун негизинде куран түшкөн доорду жана андан кийинки доордогу жашаган инсандардын куранды түшүнүү жана

[164] 28-35.: 36-48.:50-52:53-55:56-59. ayetler.

[165] 1-8.ayetler. Бул туурасындагы окуяга байланыштуу караңыз. «Uhud ile Hendek Savaşı Arasında Müşriklerle İlişkilerde Birtakım Gelişmeler'; (İbrahim Sarıçam, Hz.Muhammed ve Evrensel Mesaj, Ankara 2001,s.149-153).

[166] 9-27.ayetler. Бул туурасындагы окуяга байланыштуу караңыз. 'Hendek savaşı (5/627)';(İbrahim Sarıçam, a.g.e., s.154-160).

[167] Krş.el-Alusi, a.g.e., XXII, 75; Mevdüdi, Tefhimul-Kuran, İnsan Yay., İstanbul 1987, IV,335-346; Süleyman Ateş, Yüce Kuranın Çağdaş Tefsiri, Yeni ufuklar Neşriyat, İstanbul 1990.VII,177,196,199,210-215.

[168] «Силерди караңгылыктан жарыктыкка чыгаруу үчүн Аллах периштлерди салат катары жиберет. Ал силерге абдан ырайымдуу».

. Фахруддин Рази аятты мындайча чечмелеген: «Силер аны эстеп зикир кылбасаңар да, Ал силерди ырайымына алат».

[169] А.а.ч., VI, 3923.

[170] А.а.ч., XV, 406.

түшүндүрүү усулун жана натыйжаларын да үйрөнүү мүмкүнчүлүгү болот.[171]

Ошондуктан Ахзаб сүрөсүнүн 56-аятын түшүнүүгө аракет кылган инсансахаба, куран менен байланышты камсыздаган түшүнүү аракетин иш жүзүнө ашырган. Түшүнүү аракети инсанга аятты түздөн-түз түшүнүү мүмкүнчүлүгүн берет. Ошентип, сахабалар бул аяттын Аз. Пайгамбардын бийик даражасын түшүндүргөн баалуу жагын түшүнүшкөн. Бирок, бул жердеги түшүнүү жана билүү, курандын бул сөздөр менен ишке ашырууну каалагандыгын дагы бир жолу жеткиргенүтарбиялаган Аз. Пайгамбарга суроону керек кылууда.

Ошондуктан куран түшкөн чөйрөгө көз чаптырганыбызда Сахабалар Аз. Пайгамбарга ушул нерсени сурашкан:

-Эй Алланын элчиси, сага салам берүүнү үйрөнгөн элек, бирок сага кандай салат келтирүүнү билбейбиз!»

Ошондо Аз. Пайгамбар:

-«Ушинтип айткыла...»

деп намазда окулган салават дубаларын[172] билдирген.[173]

Ошентип бул жерде билүү этишинен (аңдоо, ойлоо, түшүнүү) бири эсептелген «Ачыкто» этиши нормалдуу абалда жеткиргенү жеткирилген жеткирүүдөү таалим-тарбиясында арасына кирүүдө.[174]

Бул практикалык абалга ышарат кылат. Кайсы бир аяттын маанисин түшүнүүнү каалаган Сахабалар Аз. Пайгамбарга аятты ачыктооубаяндоо боюнча суроолор сурагандыктары чындык. Сөз болгон аят ушунун негизинде практикалык абал дагы бир жолу ортого чыкты. Сахабалар салат сөзүнүн эмне мааниге келгендигин сурашканда ал жооп берген. Бул жерде көңүл бура турган нерсе салат келтирүүнүн маани-маңызын суроонун негизинде ачыкталышы.

Ал эми, Тахият Дубасындагы салат башка нерсе. Ал жерде Аз. Пайгамбардын динде буйрук кылуусу, билдирүүсү. Ал түздөн-түз түшүндүрүп ташахудда окула турган дубаны аныктаган.[175] Куран түшкөн

---

[171] Бул темага байланыштуу үлгүгө караңыз: Ahmet Nedim Serinsu, Salebe Kissasi Esbab-I Nuzule Yeni Bir Yaklasim, Sule Yay., Istanbul 1995.

[172] Бул дубаларга Салават Дубалары деп айтылгандай, «Салли Барик Дубалары» деп да айтылгандыгы маалым.

[173] Бухари, Китабут-тафсир, 33-сүрө; Тирмизи, Китабт-тафсир, 33-сүрө, Насаи, Китабус-Салат, Баб: 49, Хадис №: 1285. Мындан сырткары караныз: Табари, Жамиул-Баян фи Та-вили Айил-Куран, Дарул-Кутубил-Илмие, Бейрут 1992, 10, 329-330.

[174] Салыштыргыла: Takiyettin Mengişoğlu, Felsefeye Giriş, Remzi Kitabevi, İstanbul 1983, 373-374.

[175] Бухари, 10/Китабул Азан, Баб: 148; Муслим, 4/Китабул-Салат, Хадис, №: 55; Ибн Мажа, Китабус-Салат, Баб: 24, Хадис №: 899; Тирмизий, 5/Китабус-Салат, Баб: 215, Хадис №: 289; Абу Давуд, 5/Китабус-Салат, 1, 221, (1952 Египет басылмасы); Насаи, 5/Китабус-Салат, Баб: Ташаххуд, Жуз: 2, 189, (1964 Египет басылмасы). (Бухари, аль-Адабул-Муфрад, 2, 368 ден алынган) Бул тема боюнча караныз: Тахави, Шарху Ма-анил-Асар, (Тах. Мухаммед Саййид Жадулхак), Матбаатул-Анварил-Мухаммадия, Каир 1968, 1, 361-36 (Бабут-Ташаххуд фис-Салати, Кайфа Хува?»); Ибн Хажар аль-Аскалани, Фатхул-Бари, (Тах. Мухаммед Фуад Абдулбаки-Мухиббуддин аль-Хатиб), Дарул-Ифта Нашрияты, Рияд, 11, 139; Зафар Ахмад, а.а.ч., 3, 126.

учурдун атмосферасына таандык бул абалды билдирген машхур кабарда Абдуллах ибн Масуд мынджай деп айткан:

«Силерден бирөө Курандан бир сүрө үйрөнүүгө кандай аракет кылса, сахабалар да тахият дубасын үйрөнүүгө ошондой аракет кылышар эле.»[176]

Андай болсо биринчиден тарбиялаган-тарбияланган байланышы негизинде салат айтуунун маани-маңызы туурасындагы аныктама болуп эсептелет. Бул абалды бир мисал менен дагы да түшүнүктүү келтирсе болот. Жогору даражалуу бирөөгө түшүндүрүүнүн кандай болуусу керек экендиги туурасында бир суроо суралды деп эсептейли. Мындай абалда жогору кызматтагы адам түрк тилиндеги маанисине ылайык сөз кылат.

Бул жердеги байланыш сүйүү жана сый-урматтын негизинде. Мындай абалда чектөө же тыюу жок.

Экинчисинде болсо ташаххуд айтуунун белгилениши. Эч кандай себепсиз Аз. Пайгамбар түздөн-түз диний билдирүү жасап, намаздагы отурууну тахият дубасын окуу менен орундатууну билдирген.

Ахзаб сүрөсүнүн бул аятынын укуктук, башкача айтканда жашоо-турмушка байланыштуу жагы[177] туурасында аалымдардын орток пикири төмөндөгүчө:

«Бул аят Аз. Пайгамбарга салават келтирүүнүн парз экендигин билдирет»[178]

Ханафий аалымдары болсо парз өкүмүн «Өмүрүндө бир жолу» деп белгилешкен. Башкача айтканда, бир адам өмүрүндө бир жолу салат жана салам келтирүү менен бул парзды аткарган болот. Бул ачыктоо боюнча аяттагы жоопкерчилик үзгүлтүксүз эмес. Дагы алардын пикиринде бир мажлисте Пайгамбарыбыздын ысмы бир канча жолу айтылганда, бир жолу салат жана салават келтирүү жетиштүү; кайра-кайра айтуу мактоого татырлык нерсе, «мустахаб».[179]

Факихтердин аяттан жана андан кийин Аз. Пайгамбар-Сахаба байланышына таандык рываяттардан түшүнгөн нерселерин эки топто бөлүп карасак болот. Эки топ тең өтө маанилүү.

Бир топ факихтер (мисалы Имам Шафи) намазда тахият дубасынан кийин салли-баарик дубаларынын окулушунун важиб экендигин айтышкан.

Башка факихтер болсо (Мисалы Имам Абу Ханифа) аяттын важибке ышарат кылбагандыгын, мандуб экендигин кабыл кылышкан.

Бул түшүнүктөрдөн пайда болгон талаш маселелерди фикх (ислам укугу) китептеринде майда-чүйдө өзгөчөлүктөрүнөн бери табууга болот. Бул жерде ханафийлердин кайсы түшүнүктөрдүн натыйжасында жогорудагы көз карашка ээ болгондугун айтып кетүүбүз зарыл:

---

[176] Бухари, аль-Адабул-Муфрад, 2, 367-368.

[177] Фикхты «инсандын амал жагынан пайдалуу жана пайдасыз шарий өкүмдөрдү билүүсү» деген терминологиялык маанисинин негизинде сөз кылган.

[178] Зафар Ахмад аль-Османинин Иласус-Сунан (Идаратул-Куран жана Улумил-Ислаия, Карачи, Китабус-Салат, 3, 124)

[179] Аль-Фатаваи Хиндия, Булак, 1310/1892, 1, 128-129; Зафар Ахмад, а.а.ч., 3, 128-129.

1. Аз. Пайгамбардын Салават дубаларын үйрөтүүдөгү максаты, Тахиййат дубасынын артынан окулушун каалаган жана мактоого ылайык күчтүү сүннөт экендигинин далили болуп эсептелет. Ошол себептүү аны аткарбай коюу жакшы эмес (макүрөө). Ал эми ал намазда окулбаса намазды бузбайт.[180]

2. Тахиййат дубасындагы «салам» сөзү ошол эле учурда салават айтууну да өз ичине камтыйт. Ошондуктан Салли жана Барик дубаларынын окулуусу важип эмес. Намаз окуган адам Ташахудда «ас-салааму алейке аййуханнебиййү..../Эй Пайгамбар Алланын Саламы сага болсун...» деп окуса салам менен бирдикте салаватты да окуду деп эсептелинет.[181].

3. Замахшаринин билдирүүсү боюнча, улуу табият аалымы Ибрахим ан-Нахаий (96) мындай деген:

«Сахабалар Ташаххудда «ас-салааму алейке аййуханнебиййү...»- деген жерин окуу менен гана чектелишчү.»[182]

Зафар Ахмад болсо Кады Ияздын (544/1149) бир көз карашын айтып жогорудагы көз караштарды кубаттайт. Кады Ияздын чечмелөөсү болсо мындайча: «Сахабалардын салават тууралуу абалы бул иштин өзгөчөлүгү менен байланыштуу болчу. Алар салаваттын важип экендигине карата эч нерсе айтышкан эмес. Себеби бул термин алардан кийин колдонула баштаган.»[183]

4. Иөлаус-Сунендe жазылган маалымат боюнча Аз. Пайгамбар Тахиййат дубасын үйрөткөндөн кийин мындай дейт: «Эгер ушуну окусаң же жакшынакай кылып бүтүрсөң, намазыңды бүтүргөн болосуң. Андан кийин кааласаң туруп кетесиң, кааласаң ордуңда каласың»

Ханафийлер бул хадисти Ташахудда салаваттын важип болбогондугунун далили катары түшүндүрүшөт. Алар бул жерде бир мааниге өзгөчө көңүл бурушат. Салаваттын Ташахудда важип эмес экендигин айтуу салават айтууну керексиз бир ибадат кылбайт. Тескерисинче Жараткан менен жаратылгандардын өз ара байланышынын айланасында Улуу Аллага жакын болуу үчүн салават айтуу бул - эң сонун ибадаттардардан болот.

Ушуга байланыштуу Ханафийлердин бул көз караштa экендигинин себеби: «Улуу Алланын бизге важип кылбаган бир нерсесин важип деп кабыл кылуу түшүнүгүнөн сактанууда турат»[184]

Жогорудагылардын натыйжасында бул аяттын маалымат жана буйрукту камтыгандыгын айтууга болот.

**-«Маалымат»**

Аз. Пайгамбардын малаи аөлаадагы даражасы болуп саналат. Алла Тааланын салаваты, периштелердин салаваты анын пазилетине, жараткандын алдындагы улуу даражасына ишарат кылууда. Улуу Алла

[180] Зафер Ахмед, а.а.ч., 3-т., 124.
[181] Зафер Ахмед, а.а.ч., 3-т., 128-129.
[182] аль-Кашшаф ан Хакаики Гавамидит-Тензил, Дарул Китабил Араби, Бейрут 3-т, 273.
[183] аш-Шифа би Тарифи Хукукил Мустафа, Станбул 1293, 2-т., 107-109.
[184] Зафер Ахмед, а.а.ч., 3-т., 133.

ырайым жана нееематтары менен периштелер болсо истигфар жана кызматтары менен дайыма Пайгамбарды улуктап жатышат.

-«**Буйрук**»

Салам жана салават айтууга момундарды милдеттүү кылууда.

Ар түрдүү салават жана саламдарды айтуу менен Пайгамбарыбыз үчүн Алланын салават, ырайым жана берекетин суроону жана салам айтып улуулоону жана аны үлгү кылып лидерлигине баш ийүүнү буйрук кылууда.[185]

**V. Салават менен саламды актуалдуу баалуулук катары жашоодо улантуу**

Салават жана салам сөздөрүнүн маани маңызына, түшүндүрмөсүнө карап, бүгүнкү күнгө ылайык баалуулуктарды жаратып, жашоодо колдонуу маселесине келе турган болсок:

Бул ибадат бөтөнчө өзгөчөлүккө ээ. Себеби Алла жогорудагы аят менен Пайгамбарына салават айткан. Андан соң периштелерине да салават айтууларын буйрук кылган. Соңунда момундарга салават айтуу буйругун берген. Андай болгон болсо «Улуу Жараткандын жана периштелердин кылган иш аракетин биз жашоодо кантип колдонобуз?»- суроосуна жооп берүү керек.

Аз. Пайгамбар мындай деп буйрук кылган:

«Мага бир салават айтканга Алла он салават айтат»[186]

-Салават айтуу бул- Пайгамбарыбызга болгон биздин ыраазычык карызыбызды орундатуу дегендик. Себеби ал момундар үчүн кала берсе бардык адамзат үчүн баа жеткис жакшылыктарды кылды. Ага биздин мойнубуздагы карызыбызды ага ыраазычылык келтирүү түрүндө жооп берүү жана аны улуулоо, ага болгон сүйүүбүздү жана жакындыгыбызды тил менен айтуу мүмкүнчүлүгү болуп эсептелет. Бул болсо Алланын бизге болгон дагы бир жакшылыгы болуп саналат.

-Салават айткан адам көптөгөн руханий бактылуулуктарга чөмүлөт, даамын татат. Ал эми муну түшүндүрүүгө болбойт. Аны бир гана жашаган, башынан өткөргөн адам гана билет. Салават айтуудан баш тарткандар «сараң»[187] адамдар катары аталган. Бир хадисте мынтип айтылган:

«Мен зикир кылынган мезгилде мага салават айтпаган адамдын мурду сүртүлсүн».[188]

Ыйман келтирген адамдын күндө айтуусу тийиш болгон дубалары болуусу тийиш. Ыйык китебибиз жана Аз. Пайгамбар момундарды буга үндөп чакырат. Жашоонун мындай агымында жашаган адамдын өзүнө чоочун болуусун, өзүн-өзү унутуусун жана табиятынан узакташуусунан алдын алууда дуба негизги нерсе болуп саналат.

---

[185] Салыштыр. аль-Бикаи, а.а.ч., 15-т., 406-б.

[186] Абу Давуд, Витр: 26; Тирмизи, Китабус-Салат, 352; Насаи, Китабу Азан, 37.

[187] Тирмизи, Даваат, 100; Имам Ахмед, 1-т., 201.

[188] Тирмизи, Даваат, 100; Имам Ахмед, 2-т., 254.

Ар дайым дуба/зикир кылуу аркылуу адамдын терең сезим жана ишенимдерге жетүүсү үмүт кылынат. Бул кыймыл- аракет адамга дин менен дүйнөнүн бүтүндүгүнө (биримдигине) жетүү мүмкүнчүлүгүн берет.

Андай болсо зикир деп эмнени айтабыз?

Зикир дин жана дүйнөнү таанууга аракет кылууну билдирет. Ар убак зирек болуу, бардык адамдык иштерге вахий нурунун астында багыт берүү саналат. Бирок эч качан бир эле тил менен айтылган окулган бирок рухтун, жүрөктүн сезе албаган жана бардык дененин катышпаган кыймыл аракети болбоосу тийиш. Мына салават жана салам айтуу зикир түрү катары бизге аталган маанилерди берсе анын мааниси болот.

Салават жана салам айтуу Пайгамбарга болгон сүйүүнү арттырат. Ал эми Пайгамбар сүйүүсүнүн даамын таткан адам, инсандарга жана бүткүл жан-жаныбар жана макулуктарга сүйүү менен карайт. Башкача айтканда пайгамбар сүйүүсү адамга башкаларын жана бардык жан- затты сүйүүнү, сүйө билүүнү үйрөтөт. Бул сүйүү адамдын, адамзаттын бактылуулугу үчүн жүрөк соктурган аны жандандырган жана анын алга умтулуусуна мүмкүнчүлүк берген үмүт эшиги болуп саналат. Себеби мындай нерсеге жетишкен момун үчүн сүйүү иши, сүйүлүү катары кабыл алынбайт. Башкача айтканда ал момун кантип сүйүлүшүн кантип сүйүктүү боло алуусун эмес кантип сүйө ала тургандыгын максат кылат. Ал адам Азирети Пайгамбардын төмөнкү принцибин жашоодо көрсөтүүгө аракеттенет:

«Сиздерден эч бириңиз ыйман келтирбесе бейишке кире албайт. Сиздер бири-бириңизди сүйбөсөңүздөр ыйман келтирген болуп саналбайсыздар.»[189]

-Салават жана салам бизге «үлгүлүү адамды» көрсөтөт. Ага салават жана салам айтуу сөздөргө жаңыдан жашоо берүү дегендикке жатат. Сөздөр болсо маалымат аркылуу жашоодо маани- маңыз табышат. Маалымат да окуу аркылуу алынат. Андай болсо адам модел кылган адамын- пайгамбарын таануу үчүн окуусу тийиш. Аны окуган сайын сүйүүсү артат. Себеби «сүйүү= маалымат +аракет болуп саналат.

Сүйүүгө жетишүүнү каалаган адамдын өзүн-өзү контролдуу түрдө тарбиялоосу керек. Бул маалыматтануу жана аракеттер бизге ал үлгүлүү адамдын мүнөзүндө дүйнө турмушунда «маанилүү адам» болууга эмес, анын тескерисинче «баалуу адам» болуу максатына багытталуубузду көрсөтөт.

Ошентип ишенген адам «билим жана анын берилүүсү ыкмасы» катары салават жана саламга карап Аз. Пайгамбардын өзүндө сапаттуу билим берүүнүн адамдык методун аткарган болот. Ал эми мунун пайдасы адамдын билген нерселерин жашоодо көрсөтүү аркылуу үлгүлүү адам болууга аракеттенбесе жекелик деңгээлде да үй-бүлөөлүк деңгээлде да, коомдук деңгээлде да бактылуулукту каалаган түрдө ишке ашыра албай

[189] Бухарий, аль-Адабул Муфрад, 2-т., 276, хадис № 260; Муслим, Иман, 22; Абу Давуд, Адаб, 131.

тургандыгын билүүсү болуп саналат. Мындай нерсени жасаган учурда эки дүйнө бактылуулугунун сырын да билген болуп саналат.

Андай болсо Аз. Пайгамбарды зикир кылуу адам үчүн жашоо менен эсептешүүнүн бир бөлүгү болуусу тийиш. Атүгүл жашоо зордолгон бир нече мажбурияттар менен жашалган жашоо болбосун.

Учурубуздагы тез темптеги жашоо агымында Аз. Пайгамбарды айтуу менен аны моделдештирүү, чындыгында жашаш үчүн бир мүмкүнчүлүк болсун.

Пайгамбарыбызды сүйүү жана модел алуу сезими жашоону маани-маңыздуу кылууга байланыштуу бардык ачкыч терминдердин «түшүнүү» жана «билүү» менен жашоого катышуусуна жардамчы болсун!...